**« Күтөм сени »**

**Сөзү:** Жакып Акимовдуку

**Обону:** Мирланбек Давлатовдуку

Канча жолу түшкө кирип,
Канча жолу жүрөктү эздиң.
Абалыма эч түшүнбөй,
Неге менден алыс кеттиң?

Ак таңдардан күтөмүн сени,
Гүлзарлардан күтөмүн сени.
Сагынычымды өзүң таркат,
Жашылдандыр сүйүү, сезимди.

Сага арнап келем аппак таң,
Таттуу уйкуңдан назик ойготуп.
Күтүп турам келчи тезирээк,
Алып кетем гүлгө оронтуп.